**Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебиндеги**

**2021-2022-окуу жылында**

***№ 2 педагогикалык кеңешмесинин протоколу***

**16.11.2021-жыл** **Орто-Суу айылы**

Чогулуштун төрайымы: Акматалиева Н.К.
Катчысы: Койчукенова Ч.К.
Катышкандар: 16 мугалим

**Каралуучу маселелер**

1. I чейректин окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы.
2. Мектепте окуучуларды олимпиадага даярдоо
3. Мектептин кышка даярдыгы
4. Ар кандай маселелер

Угулду: Педагогикалык кеңешмени мектептин директору Акматалиева Нуриза ачып, күн тартиби менен тааныштырып I чейректин жыйынтыгы жөнүндө маалымат берүүнү окуу бөлүмүнүн башчысы Бейзееевага тапшырды. Бейзеева өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду: I чейректин жыйынтыгы былтыркы окуу жылына караганда жогорулаган. Себеби былтыркы окуу жылында I жарым жылдык онлайн түрүндө аралыктан окутуу болгонуна байланыштуу, окуучулар толук сабактарга катышпай калган. Класстар боюнча билим сапатын айта кетсем төмөндөгүдөй болду: 1-2-класстарына баа коюлбайт.
3-класста билим сапаты – 61,1%
4-класста билим сапаты – 46,6%
1-4-класстардын билим сапаты – 53,8% ,
Катышуусу – 98,4% , жетишүүсү – 100%ды түздү.
5-класста билим сапаты – 28,5%
6-класста билим сапаты – 47%
7-класста билим сапаты – 36,6%
8-класста билим сапаты – 26,3%
9-класста билим сапаты – 21,7%
5-9-класстардын билим сапаты – 32% ,
катышуусу – 98,2% , жетишүүсү – 100%ды түзгөн.

10-класста билим сапаты – 45,4%
11-класста билим сапаты – 37,5%
10-11-класстардын билим сапаты – 41,4% ,
катышуусу – 98,1% , жетишүүсү – 100%
1-11-класстардын билим сапаты – 42,4%
катышуусу – 98,2% , жетишүүсү – 100%ды түзүп, былтыркыга салыштырмалуу 2,9%га жогорулаган. Жарыш сөзгө чыккандар:
Чымырбаева Бубуажар Букарбековна окуучулар күзгү жыйын жумуштарга тартылып, сабакты көп калтыргандыктан жогорку класстарда окууга көңүл кош мамиле жасап, ар бир теманы өз убагында түшүнө албагандыктан көрсөткүчтөрү төмөн болуп жатат деп ойлойм. I I чейректен баштап, ата-энелерди дагы өзүбүзгө тарталы.
Шералиева Венера Эсенбековна: Азыркы балдар окууга кызыкпай калышты.Окуучулар жалаң эле интернете ар кандай сайттарда отурушат. Ал жерден керектүү нерселерди көрбөй , пайдасыз адаттарды бат кабыл алып жатышат. Бул жерде мугалим кызыктуу сабактарды көп өтүп, ата-энелерди дагы тартыш керек. Менин оюмча I I чейректен баштап, ата-энелер балдарынын окууларына көңүл бөлдүрүү иш аракеттерди жүргүзүү зарыл.
*(Билдирүүлөр папкага тиркелет.)*

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, пед. кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Мектепте билим сапатын көтөрүү үчүн ар бир мугалим кызыктуу сабактарды өтүп, окуучулардын кызыгуусун арттырсын.
2. 5,7-9-класстардын билим сапаты төмөн болгондуктан көзөмөлгө алынсын.
3. Мектептин билим сапатын көтөрүү үчүн төмөнкү курамда комиссия түзүлсүн:
   - Бейзеева Ж.К. окуу бөлүм башчысы
   - Кыдырмаева Д.М. кыргыз тили мугалими
   - Бекболотова К.Б. математика мугалими
   - Шералиева В.Э. орус тили мугалими
   - Аманкулова А.М. башталгыч класстын мугалими
4. Жогорудагы түзүлгөн комиссия иш план иштеп чыгып, иш алып барышсын.
5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөөнү окуу бөлүм башчысы Бейзеевага милдеттендирилсин.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Н.К.Акматалиева**
**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Ч.К.Койчукенова**

**Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча**
Окуу бөлүм башчысы төмөнкүлөргө токтолду:

Урматтуу кесиптештер, олимпиада боюнча биздин мектептин даярдыгы начар болуп жатат. Иш план түзгөн мугалимдер аз эле.Кана кайсы предметтик мугалим кандай иш алып барып жатасыздар? Таланттуу окуучулар менен жетиштүү деңгээлде иш алып барылбай жатат.Окуучулар менен иштеңиздер, жыйынтык чыккандай жакшы иш жүрүзүңүздөр. Бизде окуучулар НЦТ тестке барышып, орус тили сабагынан жакшы көрсөткүчтөрдү беришкен. Орус тили мугалими Шералиева Венера Эсенбековна дайыма ишине так жана окуучулар менен сапаттуу иш жүргүзүп келет. Шералиевага I чейректин жыйынтыгында «Эң мыкты мугалим» наамы ыйгарылат. Ал эми 5-класс «Эң мыкты класс» наамы берилди. Класс жетекчиси Бейшебаева Зарина Туганбековна окуучулар жана ата-энелери менен дайыма тыгыз байланышта иш алып барат. Башталгыч класстарда 3-4-класстар жакшы көрсөткүчтөрдү беришкен.

Жарыш сөзгө чыккандар:

Шералиева В.Э. мен өзүмдүн орус тили сабагымда 9-класста Даниярова Камила, 10-класста Зарлыкова Бегайым жана 11-класста Шейшенбекова Дильназ менен иш алып барып жатам. Планым бар.

Бекболотова К.Б. мен дагы математика сабагынан 9-класста Макишева Асема, 10-класста Мырзагулов Нурлиске тапшырмаларды берип жатам.

Бейшебаева З.Т. кыргыз тили жана адабияттан 11-класстын окуучусу Жапарбекова Сезим менен иштешип жатам. Планым бар.

Айдаркулова А.Н. мен дагы тарых сабагынан 9-класстын окуучусу Кенешова Сезим, 10-класста Макенбаев Дастан жана 11-класста Шабданбеков Жайнак менен даярданып жатам. Планым бар.

Акматалиева Н.К.: Ноябрдын аягына чейин мектеп ичинде олимпиада өткөрүлөт. Ар бир предметтик мугалим окуучулар менен тыгыз байланышта болуп, олимпиадага даярдыкты күчөткүлө.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Окуучуларды олимпиадага даярдоо күчөтүлсүн;
2. Мектеп ичинде олимпиада өткөрүлсүн;
3. 9-11- класстардын окуучуларын райондук олимпиадага даярдоо иштери жүргүзүлсүн;
4. Мектеп ичинде өткөрүлө турган олимпиадага төмөнкү курамда комиссия мүчөлөрү бекитилсин.
   - Акматалиева Нуриза – мектеп директору

- Бейзеева Жанара – окуу бөлүм башчысы
- Шералиева Венера – гуманитардык бирикменин жетекчиси
- Бектурова Салтанат – так  илимдер бирикменин жетекчиси
- Бейшебаева Зарина – ПК төрайымы

5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөөнү окуу бөлүм башчысы Жанара Бейзеевага милдеттендирилсин;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**Күн тартибиндеги 3-маселе боюнча**

Мектеп директору Акматалиева Нуриза төмөнкүлөргө токтолду. Быйыл сууктун эрте түшкөндүгүнө байланыштуу, мектепте айыл өкмөтүнүн уруксааты менен 7-октябрдан баштап жылуулук бериле баштады. Ар бир класстын ичиндеги стулдардын төшөктөрүн тоолуктап, термометрди тагып, температуралык режимди каттоо дептерлерин уюштургула.Мектептин кышкы даярдыктары жакшы, жылуулук системалары оңдолгон. Класстар жылуу жана терезелер жылууланды. Мект епте жылуулукту жана тазалыкты карашыбыз керек. Ар бир класс жетекчи мектептин класстык бөлмөлөрүнүн жарыктыгын текшерип, канча лампочка күйөт, күйбөйт экендиги жөнүндө маалымат бериңиздер. Ошону менен бирге техникалык коопсуздук эрежелерин сактап, жарыктарды күйгүзгөн боюнча калырбаңыздар. Электр жарыгын үнөмдөгүлө.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Мектеп толугу менен кыш мезгилине даяр;
2. Класс кабинеттерде стулдардын төшөкторү жана термометрлер тагылсын;
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө тарбия иштеринин уюштуруучусу Айдаркулова А.га жана ПК төрайымы Бейшебаева З.Т.га жүктөлсүн;

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**